**ОшМУнун медициналык колледжинин акушердик жана педиатриялык дисциплиналар ПЦКнын НКББПнын №5 январь айындагы протоколунан**

**Кочүрмө**

**22. 01. 2026-жыл**
**Төрайым :** **Мамасаит кызы Дж**
**Катчы :** **Э. М. Саипова**
**Жалпы:** **16**

**Күн тартиби:**

**Каралуучу маселе:**

1. Адистиктер боюнча билим берүү программаларын окутуу процессин жакшыртуу.
2. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:** ОшМУнун медициналык колледжинин директору Арынов Замирбек Сапарбаевич өз сөзүндө урматтуу ата-энелер, бүгүнкү иш-чарага кош келиңиздер.
Бүгүнкү иш-чара адистиктер боюнча билим берүү программаларынын окутуу процессин жакшыртуу максатында уюштурулду. Бул иш-чара ата-энелер менен колледждин ортосундагы тыгыз байланыштарды бекемдөө үчүн ар дайым уюштурулуп турат.
Студенттердин сабакка катышуусу, сапаттуу билим алуусу чоң мааниге ээ.
Иш-чарада практика жана карьера багытындагы жетекчилер атайын ар бир адистик боюнча вакантттык орундар тууралуу маалымат беришти.
Ошондой эле медициналык колледждин бүтүрүүчүлөрү да конок катары чакырылды. Сиздер да балдарыңыздардын жаркын келечеги үчүн жакындан жардам берип, кесиптик жактан мыкты адис болушу үчүн сунуш-пикирлериңиздерди айта аласыздар. Биз биргеликте иш алып барууга даярбыз.
**Сөзгө чыкты:** Гапаров Бахапжан, жалпы окутуучулар жамаатыңыздарга ыраазычылык. чакырууңуздарга чоң ыракмат. Ушундай иш чараларды көбүрөөк уюштуруп турсаңыздар жакшы эле, азыр колледждин лаборатория, сабак өтүлүүчү каналар менен таанышып чыктык, жакшы өзгөрүүлөр болуптур, ушундай окуу жайда менин кызым билим алып жатканына сыймыктанып жатам.
**Сөзгө чыкты:** Абдурахманов Абдували, саламатсыздарбы биринчиден бизди ушул иш-чарага чакырганыңыздарга ыраазычылык билдиремин. Бүгүн окуу жайдын канааларын, лабораторияларын, материалдык -техникалык жабдууларын көрүп кубандым. Жана да чет өлкөлүктөр менен түзүлгөн алакаларды угуп баламды тажрыйбасын арттырып , иштеп келгени жөнөтүүгө кызыгып турам.
**Сөзгө чыкты :** Балтабаева Гүлбара, саламатсыздарбы, урматтуу жетекчилик жана ата-энелер. Бүгүнкү иш-чарага чакырганыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем. Колледждеги окуу шарттары, лабораториялар, сабак өтүлүүчү канаалар заманбап талаптарга жооп берип жатканын көрүп кубандым. Балдарыбыздын билим алып, кесипкөй адис болуп чыгышы үчүн түзүлгөн мүмкүнчүлүктөр абдан жакшы экен. Окутуучулар жамаатына ийгиликтерди каалайм.
**Сөзгө чыкты:** Сабирова Наримса, саламатсыздарбы. Мындай пайдалуу иш-чараны уюштурган жетекчиликке чоң рахмат. Студенттердин билим алуусуна, практикасына, келечектеги иш ордуларына чоң көңүл бурулуп жатканы бизди, ата-энелерди, кубандырбай койбойт. Балам ушул медициналык колледжде окуп жатканына сыймыктанам. Мындан ары да биргеликте иш алып барууга даярбыз.
**Сөзгө чыкты:** Тилебаева Бибинур, урматтуу катышуучулар, саламатсыздарбы. Бүгүн колледждин материалдык-техникалык базасы, окутуу процесси менен жакындан таанышып чыктык. Баары абдан жакшы уюштурулган. Балдарыбыздын келечеги үчүн кам көрүп, шарт

Scanned with AltaScanner

түзүп берген жетекчиликке жана мугалимдерге ыраазычылык билдирем. Ишиңиздерге ийгилик каалайм.

**Сөзгө чыкты:** Кыдырова Гүлбара, саламатсыздарбы. Бүгүнкү иш-чара биз, ата-энелер үчүн абдан маанилүү болду. Колледж менен ата-энелердин ортосундагы байланыштын бекемделиши студенттердин билим сапатына түздөн-түз таасир этет деп ойлойм. Ушундай жолугушууларды мындан ары да уланта берсеңиздер жакшы болот эле. Чакырганыңыздар үчүн чоң рахмат.

**Сөзгө чыкты:** Миразамова Гульмира, саламатсыздарбы, урматтуу жетекчилик. Бүгүн балдарыбыз окуп жаткан окуу жайды өз көзүбүз менен көрүп, көп маалымат алдык. Окутуунун сапатына, практикага жана карьера багытына өзгөчө көңүл бурулуп жатканы байкалды. Балдарыбызды ишенимдүү колго тапшыргандай болдук. Бардыгыңыздарга ыраазычылык билдирем.

ПЦКда окутуу процессин жакшыртуу максатында ата-энелер менен талкуу жүргүзүлүп, талкуунун жүрүшүндө атайын даярдалган анкеталарды толтуруп ошону менен бирге өз ой пикирлерин, сунуштарын жазышты.

**Токтом кылынды:**

**Жогорудагы ата-энелер тарабынан айтылган сунуштарды эске алуу менен, өткөзүлгөн иш чаралардын негизинде коюлган максаттардын ишке ашырылуусу көзөмөлдөнөт. Көзөмөлдөө НКББПнын жетекчисине милдеттендирилсин.**

**НКББП торайымы:**

**Катчы:**

Scanned with AltaScanner